# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

ISSN 1694-7681

**ЖУРНАЛ «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ»
ОСНОВАН 2001 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН
В «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА»
В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО**

Зарегистрирован
в Министерстве юстиции
Кыргызской Республики
Регистрационный № 673
от 19 декабря 2001 года

**Республиканский научно-теоретический журнал**

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

## № 4, 2019

**БИШКЕК – 2019**

ТАРБИЯЛООНУН МААНИСИ..............................104
*Сооронбаева Н.А.*
ЗНАЧЕНИЕ ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОГО
ВОСПИТАНИЯ..............................................104
*N.A. Sooronbaeva*
THE VALUE OF SPIRITUAL
AND MORAL EDUCASION.............................104

*Термечикова А.М.*
БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА
КОМПЬЮТЕРДИК ТЕСТИРЛӨӨНҮ ИШКЕ
АШЫРУУДАГЫ МАСЕЛЕЛЕР..............................107
*Термечикова А.М.*
ПРОБЛЕМЫ ВНЕДРЕНИЯ
КОМПЬЮТЕРНОГО ТЕСТИРОВАНИЯ
В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ..............................107
*A.M. Termechikova*
PROBLEMS OF INTRODUCING
COMPUTER TESTING
IN THE EDUCATION SYSTEM..............................107

*Шамырканова Н.Б.*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН
ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮН УЮШТУРУУНУН
ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ..........................110
*Шамырканова Н.Б.*
ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ
ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ
РАБОТЫ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ
КЛАССОВ..................................................110
*N.B. Shamyrkanova*
PEDAGOGICAL CONDITIONS
OF THE ORGANIZATION
INDEPENDENT WORK
OF STUDENTS INITIAL CLASS............................110

*Шербаева Ж.Р.*
КЕНЖЕ МЕКТЕП КУРАГЫНДАГЫ
ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ
ИШ-АРАКЕТТЕРИНИН КАЛЫПТАНУУСУНА
ПЕДАГОГИКАЛЫК
МАМИЛЕНИН ТААСИРИ.....................................114
*Шербаева Ж.Р.*
ВОЗДЕЙСТВИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО
ВЗАИМООТНОШЕНИЯ НА ФОРМИРОВАНИЕ
УЧЕБНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ
МЛАДШИХ КЛАССОВ.......................................114
*J.R. Sherbaeva*
THE IMPACT OF PEDAGOGICAL
ATTITUDE ON THE FORMATION OF
EDUCATIONAL ACTIVITY
OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS......................114

ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ:
ПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТТЕР..................119
*Эсенгулова М.М.*
ОСОБЕННОСТИ ОБУЧЕНИЯ ВЗРОСЛЫХ:
ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ...................119
*M.M. Esengulova*
FEATURES OF ADULT TEACHING:
PEDAGOGICAL ASPECTS..........................119

*Ахмедова Г.П.*
КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ АДИСТЕРДИ
ДАЯРДООДО ЖАНА КАЙРА ДАЯРДООДО
ЭЛДИК ТАЖРЫЙБАНЫ КИРГИЗҮҮНҮН
ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ..........................................122
*Ахмедова Г.П.*
ОСОБЕННОСТИ ВНЕДРЕНИЯ
ЗАРУБЕЖНОГО ОПЫТА В ПОДГОТОВКЕ
И ПЕРЕПОДГОТОВКЕ
КВАЛИФИЦИРОВАННЫХ
СПЕЦИАЛИСТОВ......................................122
*G.P. Akhmedova*
FEATURES OF INTRODUCTION
OF FOREIGN EXPERIENCE
IN THE TRAINING AND RETRAINING
OF QUALIFIED SPECIALISTS.......................122

*Нусубалиева Е.Ш.*
ПЕДАГОГИКАЛЫК
ЖОЖДУН ШАРТЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН
ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮН
КАЛЫПТАНДЫРУУ....................................126
*Нусубалиева Е.Ш.*
ФОРМИРОВАНИЕ ГРАЖДАНСКОЙ
ИДЕНТИЧНОСТИ У СТУДЕНТОВ
ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ВУЗОВ.......................126
*E.Sh. Nusubalieva*
FORMATION OF CIVIC IDENTITY
AMONG STUDENTS
IN A PEDAGOGICAL UNIVERSITY...............126

*Чокобаева Г.*
«САПАТ» ТҮШҮНҮГҮ ТУУРАЛУУ
БУЛАКТАРДЫН ТЕОРИЯЛЫК
ТАЛДООСУ.............................................130
*Чокобаева Г.*
ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ИСТОЧНИКОВ
О ПОНЯТИИ «КАЧЕСТВО».........................130
*G. Chokobaeva*
THEORETICAL ANALYSIS
OF SOURCES ABOUT
THE CONCEPT «QUALITY».........................130

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮН УЮШТУРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

*Шамырканова Н.Б.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

*N.B. Shamyrkanova*

# PEDAGOGICAL CONDITIONS OF THE ORGANIZATION INDEPENDENT WORK OF STUDENTS INITIAL CLASS

*УДК: 373.31*

*Өз алдынча иштин эффективдүүлүгү адатта мугалим тараптан уюштурулган педагогикалык шарттарга көз каранды. Окуучулардын өз алдынча иштөөсүн натыйжалуу уюштуруусуз алардын өзү окуп билим алуусуна, өзүн өзү жетилүүсү үчүн керектүү болгон түшүнүктөрдү, закон-ченемдүүлүктөрдү бекем жана терең өздөштүрүүсүнө жетүүгө мүмкүн эмес, жаңыны таанып-билүү каалоосун жана ыгын тарбиялоого болбойт. Мугалим өз алдынча ишти ийгиликтүү уюштуруш үчүн дидактикалык максатка жеткирүүгө арналган мазмун жана усулыкмалардын элементтерин максаттуу түрдө тандоо, түзүү жана пайдаланууну билиши абзел. Өз алдынча иштөөнү өткөрүүдө мугалим материалды берүү менен окуучулардын билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болуу боюнча өз алдынча ишти ченем менен айкалыштыруу керек. Ошондой эле, класста өз алдынча ишти ийгиликтүү уюштуруу үчүн ар түрдүү методикалык сунуштарды, эскерткичтерди колдонуу маанилүү. Бул аларга керектүү билгичтиктерге тез ээ болууга, белгилүү аракеттердин тартибин жана өз иш-аракетин уюштуруунун кээ бир жалпы ыкмаларын өздөштүрүүгө жардам берет. Өз алдынча ишти аткаруусун текшерүү абдан маанилүү. Өз алдынча иш максатка багыттуу болууга тийиш. Буга максатты так формулировкалоо менен жетүүгө болот. Коюлган максаттарга жетүүдө өз алдынча ишти уюштуруунун шарттары чоң мааниге ээ, ал анын эффективдүүлүгүн жогорулатат.*

***Негизги сөздөр:** өз алдынча иштөө, педагогикалык шарт, максат, мазмун, дидактикалык принциптер, методикалык сунуштар.*

*Эффективность самостоятельной работы зависит от педагогических условий, организованный учителем. Без результативной организации самостоятельной работы учеников, невозможно воспитать внимание и желание познавать новое, невозможно достичь прочного и глубокого освоения понятий, законов для их самообразования, самосовершенствования. Для успешной организации самостоятельной работы, учителю нужно знать, целенаправленно выбирать, составлять и пользоваться элементами методов, способов и содержаний, посвященный достижению дидактической цели. При выполнении самостоятельной работы необходимо осуществлять разумное сочетание изложения материала учителем с самостоятельной работой учащихся по приобретению знаний, умений и навыков. Также, для успешной организации самостоятельной работы в классе важно использовать различные методические рекомендации, памятки. Это помогает им быстрее овладеть необходимыми умениями, усвоить определенный порядок действий и некоторые общие способы организации своей деятельности. Очень важен контроль выполнения самостоятельной работы. Самостоятельная работа должна носить целенаправленный характер. Это достигается четкой формулировкой цели работы. Для достижения поставленных целей большое значение имеют условия организации самостоятельной работы, которые позволяют значительно повысить ее эффективность.*

***Ключевые слова:** самостоятельная работа, педагогическое условие, цель, содержание, дидактические принципы, методические предложения.*

*The effectiveness of independent work depends on the pedagogical conditions, organized by the teacher. Without effective organization of students' independent work, it is not possible to cultivate the attention and desire to learn new things, it is impossible to achieve a solid and deep understanding of the concepts and laws for their self-education, self-improvement. For successful organization of independent work, the teacher needs to know purposefully choose, compile and use elements of methods, methods and contents dedicated to the achievement of the didactic goal. When performing independent work, it is necessary to carry out a reasonable combination of the presentation of the material by the teacher with the students' independent work on the acquisition of knowledge and skills. Also, for the successful organization of independent work in the classroom, it is important to use various methodological recommendations, memos. This helps them to quickly acquire the necessary skills, learn a certain order of actions and some common ways of organizing their activities. Very important control of the implementation of independent work. Independent work should be focused. This is achieved by a clear statement of the purpose of the work. To achieve these goals, the conditions for the organization of independent work, which can significantly increase its effectiveness, are of great importance.*

***Key words:** independent work, pedagogical condition, goal, content, didactic principles, methodical proposals.*

системасын контролдоону камсыз кылган түрүндөгү окуу-тарбиялык процесстин чегинде окуучулардын окуу иш-аракетин кыйыр жетектөөнүн методдорун да, алардын аң-сезимдүү өзүн-өзү уюштуруу көндүмдөрүнө ээ болуусун башкаруу методдорун да колдонууга мүмкүн болгон шарттарга көз каранды. Албетте, мындай шарттарды түзүү мугалимден окуучулардын ар кандай типтеги жана багыттагы өз алдынча ишти аткаруусундагы алардын таанып-билүү иш-аракетин башкаруунун түз жана кыйыр методдорунун мазмунунун психологиялык-педагогикалык спецификасы тууралуу билүүсүн, окуу иш-аракетке карата максат, мотив жана баалуулук багыттарды өз убагында жана туура түзүүнү жана трансформациялоону билүүсүн талап кылат. Мындан сырткары мугалимдин билимди өздөштүрүү процессине өз алдынча иштерди өз учурунда жана ырааттуу түрдө кошуу талабын ишке ашыруу билгичтиги маанилүү болуп саналат.

Окуучулардын өз алдынча ишин даярдоодо, эгер мугалим иштин жеке дидактикалык максатын алдын ала так формулировкалабаса жана формулировкаланган максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн берген таанып-билүү маселелеринин системасын тандабаса, ал окуу эмгектин ар бир түрүндөй эле окуучулардын таанып-билүү иш-аракетинин мүнөзүнө карата нейтралдуу калаарын эске алуу керек.

Г.А. Бакулинанын ою боюнча мугалимдин өз алдынча иштин аныкталган тиби жана түрү үчүн тандаган жана түзгөн жеке дидактикалык максаты жана таанып-билүүчү маселелери окуучулардын акыл-эс активдүүлүгүн жөнгө салуу үчүн, аларды пландаган таанып-билүү иш-аракетине тартуу үчүн, аны башкаруу үчүн өбөлгөлөрдү түзүү керек.

Мындан сырткары өз алдынча ишти уюштуруу жана өткөрүү методикасы жалпы-дидактикалык максаттардын бирдиктүү өз алдынча иштер системасында берилген таанып-билүү маселелердин тибин, алардын татаалдыгынын жана оордугунун деңгээлинин керектигин эске алышы керек. Окутуунун ар түрдүү этаптарындагы мындай өзгөрүүлөр окуучулардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө, аларды андан ары үзгүлтүксүз билим алууга даярдоого түрткү берет [1].

Өз алдынча ишти аткарууда окуучулардын билимге, билгичтикке жана көндүмгө ээ болуу боюнча өз алдынча иштөөсү менен мугалимдин материалды берүүсүн акыл-эс менен айкалыштыруу керек. Мындай иште чектен чыгууга болбойт, себеби өз алдынча иштөө менен көп алектенүү программалык материалды өздөштүрүү ылдамдыгын, окуучулардын жаңыны өздөштүрүүдө алдыга жылуусун төмөндөтөт.

А.Г. Асмолов мугалим класста өз алдынча ишти деп эсептейт. Бул окуучуларга керектүү болгон билгичтиктерге тез ээ болууга, белгилүү кыймыл-аракеттин тартибин жана өз иш-аракетин уюштуруунун кээ бир жалпы ыкмаларын өздөштүрүүгө жардам берет [2].

Педагогикалык адабияттарды анализдөөнүн негизинде биз, сабакта өз алдынча ишти уюштуруу боюнча төмөндөгүдөй методикалык сунуштарды бөлүп көрсөтөбүз:

1. Өздөштүрүлгөн билим бекем болуш үчүн өз алдынча иш системалуу түрдө өткөрүлүүгө тийиш.

2. Өз алдынча иш максаттуу багыттуу мүнөздө болушу керек. Буга иштин максатын так формулировкалоо менен жетүүгө мүмкүн. Талапты төмөн баалоо окуучуларды иштин максатын түшүнбөстөн башка нерсени жасоого же аны аткаруу процессинде мугалимдин түшүндүрүүсү үчүн бир нече жолу кайрылууга мажбур болуусуна алып келет. Мунун баары убакыттын рационалсыз короluусуна жана өз алдынчалыктын деңгээлинин төмөндөшүнө алып келет.

Коюлган максаттарга жетүүдө анын эффективдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берген өз алдынча ишти уюштуруудагы шарттар чоң мааниге ээ. Ага төмөндөгүлөрдү өзүнө камтыган индивидуалдаштырууну кошсо болот:

– даяр болгон окуучулар менен интенсивдүү иштин салыштырмалуу салмагынын көбөйүшү;

– сабакты милдеттүү жана чыгармачылык бөлүмдөргө бөлүү (өз алдынча татаал жана негизгиси – стандартка жатпаган маселелер, кошумча суроолор);

– окуучулар менен маектешүүнүн үзгүлтүксүздүгү;

Берилген шарттар ар бир окуучунун жөндөмүнүн толук ачылышына жана андан ары чыгармачылык жактан өнүгүшүнө түрткү берген инсанга багытталган ыкманы колдонууну аныктайт.

3. Өз алдынча иштер үчүн тапшырмалар окуучулардан эрктүү аракеттерди, эске тутууну машыктырууну, реакциянын баттыгын, өзүн өзү баалоону талап кылыш керек.

4. Өз алдынча иш чынында өз алдынча болуп, аны аткарууда окуучу чымыркануу менен иштөөсүнө түрткү бериш керек. Бирок бул жерде чектен чыгууга болбойт. Окутуунун ар бир этабында сунушталган өз алдынча иштин мазмуну жана көлөмү окуучулардын күчү жетип, ал эми окуучулар өздөрү өз алдынча ишти практикалык жана теориялык жактан аткарууга даяр болуулары керек.

5. Биринчиден, окуучуларда өз алдынча иштин жөнөкөй көндүмдөрүн (схема жана чертеждорду, жөнөкөй өлчөөлөрдү аткаруу, жөнөкөй маселелерди чечүү ж.б.) калыптандыруу керек. Мындай абалда

лар, так түшүндүрүүлөр коштогон мугалимдин ишинин ыкмаларын көргөзүүсү кошулушу керек.

6. Өз алдынча иш үчүн даяр рецептер жана шаблондор боюнча иштөөгө жол бербестен, жаңы абалда билимди колдонууну талап кылган тапшырмаларды сунуштоо керек. Ошондо гана өз алдынча иш окуучулардын демилгелүүлүгүнүн жана таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышына түрткү берет.

7. Өз алдынча иш тапшырмалары окуучулардын кызыгуусун козгошу керек.

8. Ар бир окуучу тапшырманы аткаруу үчүн ар түрдүү убакыт талап кылаарын эске алуу керек.

9. Окуучулардын ар түрдүү өз алдынча ишти аткаруусунда жетектөөчү рол мугалимге гана таандык болушу тийиш. Өз алдынча ишти уюштурууда билим, билгичтик жана көндүмдөргө ээ болуу үчүн ар бир окуучуга ар түрдүү убакыт талап кылынаарын эске алуу керек. Муну дифференциялык ыкма аркылуу ишке ашырууга болот

Н.В. Калининанын айтуусу боюнча жалпы класстын жана ар бир окуучунун ишинин жүрүшүнө көз салуу менен мугалим убагында тапшырманы ийгиликтүү аткаргандарды татаалыраак тапшырманы аткарууга которууга тийиш. Кээ бир окуучуларга машыктыруучу көнүгүүлөрдүн санын минимумга чейин жеткирип, ал эми башкаларга мындай көнүгүүлөрдү жаңы эрежени өздөштүрүү жана аны өз алдынча колдонууну үйрөнүүсү үчүн ар түрдүү вариацияда көбүрөөк берүү керек [3].

Өз алдынча иштин мазмунун тандоо негиздери болуп Мамлекеттик билим берүү стандарты, билимди жогорулатуунун булактары (адабият, тажрыйба, өзүн өзү анализдөө), окуучулардын индивидуалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрү (интеллект, мотивация, окуу иш-аракетинин өзгөчөлүктөрү) саналат. Ошондой эле, окуу материалын тандоо да маанилүү роль ойнойт, б.а. анын жардамы менен биз окутуу мазмунунун маалыматын алабыз. Бирок маалыматтын өзү баланын муктаждыгынан сырткары, ал үчүн эч кандай мааниге ээ эмес жана эч кандай таасир тийгизбейт. Эгер маалымат окуучунун муктаждыгына туура келсе жана эмоционалдык иштелип чыгууга кабылса, анда ал андан аркы иш-аракетке импульс алат. Ал үчүн окуу материалынын мазмуну окуучуга жеткиликтүү болуш керек, анын буга чкйинки билиминен келип чыгыш керек, балдардын жашоо тажрыйбасына таяныш керек, ошол эле учурда материал жетиштүү деңгээлде изденүүнү пайда кылгандай татаалыраак жана оор болушу керек.

Өз алдынча иштин мазмунун тандоодо, аны колдонуунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга таасир тарды эске алуу керек.

– билим берүү процессине окуучулардын жана мугалимдин иш-аракеттерин оптималдаштырган дидактикалык каражаттарды кошуу;

– өз алдынча иштин эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн контролдук-диагностикалык ролду күчөтүү;

– билим берүү процессинин дидактикалык каражаттарын колдонуу аркылуу окуучулардын өз алдынчалыгынын активдүү-изденүүчү деңгээлин калыптандыруу;

– окуу иш-аракетинин индивидуалдык стилин эске алуу.

Жалпысынан айтканда, өз алдынча иштин мазмунун тандоо шарттарына ар түрдүү факторлордун жетиштүү деңгээлдеги чоң тизмесин кошсо болот, бирок биздин оюбуз боюнча төмөндөгүлөр чоң роль ойнойт:

1. Өз алдынча иштөө жана мугалим менен иштөө көлөмүн туура айкалыштыруусун камсыздоо.

2. Окуучунун класста жана класстан тышкаркы ишин методикалык жактан туура уюштуруу.

3. Өз алдынча иштөө процессин чыгармачылык процесске айландыруу максатында окуучуну керектүү методикалык материалдар менен камсыздоо.

4. Өз алдынча иштин жүрүшүн текшерүү жана анын сапаттуу аткарылышы үчүн окуучуга демилге берүүчү чаралар.

Өз алдынча иштин тапшырмалар системасын түзүүдө ар бир мугалим төмөнкү дидактикалык талаптарды колдонуу керек:

– өз алдынча иштер системасы негизги дидактикалык маселелерди чечүүгө түрткү берүүгө тийиш. Алар: окуучулардын терең жана бекем билимге ээ болуусу; алардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүшү; өз алдынча билимге ээ болуусу; билимин кеңейтүү жана тереңдетүү, аларды практика жүзүндө колдонуу билгичтиктерин калыптандыруу.

– система дидактиканын негизги принциптерин, биринчиден системалуулук жана жеткиликтүүлүк принциптерин, теория менен практиканын байланыш принцибин, аң-сезимдүү жана чыгармачылык активдүүлүк принцибин, жогорку илимий деңгээлде окутуу принцибин канааттандырышы керек.

– иш системасына киргендер окуу максаты жана мазмуну боюнча, окуучулардын ар түрдүү билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануусун камсыз кылуу үчүн ар түрдүү болууга тийиш.

– үйдөгү жана класстагы өз алдынча иштерди аткаруу ырааттуулугу мурдагыдан чыгып, кийинкилерди аткаруу үчүн негиз түзүүсү керек. Мындай учурда өзүнчө иштердин ортосунда «жакын» гана эмес «алыс» байланыштар да түзүлөт. Бул маселенин

масындагы окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнүн, алардын ой-жүгүртүүсүнүн жана башка сапаттарынын өнүгүүшүндө ар бир өзүнчө иштин ордун жана маанисин түшүнүүсүнө көз каранды.

Натыйжада өз алдынча иштерди уюштурууда кээ бир талаптарды сактоо керек: максаттын тактыгы, аткаруунун тартиби, окуучулардын окуу мүмкүнчүлүктөрүнө ылайыктуулук, иш-аракеттин ар түрдүү түрлөрүнүн айкалышы, окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнүн камсыздалышы жана өз алдынча таанып-билүүгө болгон адатын калыптандыруу. Сабакта өз алдынча ишти уюштуруунун эффективдүүлүгү окуучулардын аны аткаруудагы индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуусуна көз каранды. Өз алдынча ишти уюштурууда мугалим ар бир окуучуга керек болгон жардамдын чегин белгилеп алуу керек.

Эгер окуучу өз алдынча иштөө процессинде жаңы материал баяндоого же маселе чечүүгө негизделген фактарды элестетсе, анда маанилүү түрдө анын андан аркы ишинин жемиштүүлүгү жогорулайт. Өз алдынча ишти программалык материалды кабыл алуусун камсыздагыдай гана эмес, ошондой эле окуучулардын ар тараптуу өнүгүүсүнө түрткү бергидей уюштуруу керек.

Өз алдынча иштин эффективдүүлүгү, өз алдынча иш-аракет көндүмдөрүнүн калыптанышы иштин жыйынтыктарын өз убагында, окуучунун өздүк жаңы билимди корректировкалоо процесси бүтө электе анализдөөгө көз каранды. Калыбы өз алдынча ишти анализдөө, окутуучу мүнөзгө ээ болушу керек, б.а. жөн гана катачылыктардын санын констатациялоо

Өз алдынча ишти уюштуруу, аны жетектөө – бул ар бир мугалимдин татаал жана жоопкерчиликтүү иши. Активдүүлүктү жана өз алдынчалыкты тарбиялоону окуучулардын негизги сапатын тарбиялоо катарында кароо керек. Бул маселе ар бир мугалимдин алдында өтө маанилүү маселелердин арасында көрүнөт.

**Адабияттар:**


1. Бакулина Г.А. Интеллектуальное развитие младших школьников на уроках русского языка: 1-3 классы / Г.А. Бакулина. - М.: Владос, 2005. - С. 34.
2. Асмолов А.Г. Психология личности. Культурно-историческое понимание развития человека: учебник / А.Г. Асмолов. - 4-е изд. - М.: «Академия», 2010. - С. 123.
3. Калинина Н.В. Учебная самостоятельность младшего школьника: диагностика и развитие: практич. пос. / Н.В. Калинина, С.Ю. Прохорова. - М.: АРКТИ, 2008. - С.77.
4. Бакулина Г.А. Интеллектуальное развитие младших школьников на уроках русского языка: 1-3 классы / Г.А. Бакулина. - М.: Владос, 2005. - 234 с.
5. Асаналиев М.К. Педагогические условия организация самостоятельной работы студентов: дис. ... канд. пед. наук. - Алмата, 1992. - 164 с.
6. Асмолов А.Г. Психология личности. Культурно-историческое понимание развития человека: учебник / А.Г. Асмолов. - 4-е изд. - М.: «Академия», 2010. - 448 с.
7. Калинина Н.В. Учебная самостоятельность младшего школьника: диагностика и развитие: практич. пос. / Н.В. Калинина, С.Ю. Прохорова. - М.: АРКТИ, 2008. - 80 с.
8. Наркозиев А.К. Организация самостоятельной работы студентов в условиях кредитной технологии обучения / Высшее образование КР. - Б., 2009. - №2/4. - С. 32-34.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Калдыбаева А.Т.**